**Окутуучулардын сабактарына катышып анализ берүү баракчасы**

1.Курсу 1 Сабак өтүлгөн күн: 24.12.2025

2. Тайпасы GM-2-34

3. Окутуучунун аты-жөнү Акбар к. Э.

4.Предметтин аталышы Latin and English language

5.~~Лекция~~ Сабактын темасы: The cardiovascular system. The present perf. past simple tenses.

6.Семинардык сабак Практикалык сабак

7. Жумушчу планы Тема жумушчу планга дал келет.

8. Сабактын иштелмеси Бар.

9. Көрсөтмө куралдары Плакаттар, тусуну маркерлер, интерактивдүү доска, таркатма барактар

10. Сабак өтүүнүн методдору Жупта иштөө, суроо-жооп, TBL, test.

Өтүлгөн сабакка карата берилген анализ:

А) Сабактын жетишкендиктери

Плакаттар, карточкалар, таркатма материалдар менен иштөөнү, кахут технологиясын колдонгондугу, интерактивдүү досканы пайдалангандыгы ж.б.- сабактын жетишкендиги. Бардык студ. халатчан келип активдүү катышты, доскада презентация жасалды. Эжеке өзүн токтоо алып жүрдү, ачуусу келген жок, мыкты түшүндүрдү. Конспекттердин текшерилиши мени кубандырды.

Б) Сабактын кемчиликтери

Доскада иштөө бир аз аз болуп калды.
Сабактын башталышында интерак. доскадан берген материалдын жазуусу абдан майда көрүндү.
Сабак мөөнөтүнөн бир аз ашып кетти.

В) Окутуучулга берилген сунуштар

Регламентти туура пайдалануу, презентация колдонуу, суроолорду көрсөтүү сунушталат

Катышкан окут. аты-жөнү: Алиралиев С.М. [signature]

**Окутуучулардын сабактарына катышып анализ берүү баракчасы**

1.Курсу: 1 Сабак өтүлгөн күн 17.11.2025

2. Тайпасы: GM-11-31 Парасы 2

3. Окутуучунун аты-жөнү: Бусурманкул к. М.

4.Дисциплинанын аталышы: Latin and foreign languages

5. Сабактын түрү: **лекция, практикалык, семинардык**

6. Сабактын темасы: Structure of Anat. Terms. Noun and it categories

7. Сабактын иштелмеси: Бар. -бек.

8. Көрсөтмө куралдары: Экран. доска. телефондор. презентация

9. Сабак өтүүнүн методдору: ____

Өтүлгөн сабакка карата берилген анализ:

А) Сабактын жетишкендиктери:

Бардык студенттер юниформада катышты. Баары активдүү жооп берип жатышты. Мугалимдин тили жатык, жөнөкөй тил менен түшүндүрөт. Интерактивдүү доска колдонулду. Студенттер Kahoot м-н иштешкен эле. Баалоо жүрдү. Заманбап технология колдонулду. Сабактын окуу этаптары сакталды.

Б) Сабактын кемчиликтери:

Студенттер хор жооп берип жатышты. Кээде иштөө бир аз пассивдүү болду.

В) Окутуучуга берилген сунуштар:

„Ок" сөзүн бат-бат колдонбоо. Окуу иштерди мугалим активдештирүү зарыл. Ошондой Kahootтан башка формаларды да колдонсо жакшы болмок.

Катышуучунун аты-жөнү: Амиралиев С.М. [signature]

**Окутуучулардын сабактарына катышып анализ берүү баракчасы**

1.Курсу: 1 Сабак өтүлгөн күн 18.11.2025

2. Тайпасы: GM-24 Парасы 2

3. Окутуучунун аты-жөнү: Дүйшеева Б.С.

4.Дисциплинанын аталышы: Орус тили

5. Сабактын түрү: **лекция, практикалык, семинардык**

6. Сабактын темасы: Менин үй-бүлөм.

7. Сабактын иштелмеси: Бар

8. Көрсөтмө куралдары: Ватман, боёнчук, карточкалар ж.б.

9. Сабак өтүүнүн методдору: интерактивдик ыкма

Өтүлгөн сабакка карата берилген анализ:

А) Сабактын жетишкендиктери:

Warming-up жогорку деңгээлде уюштурулду. Интерактивдүү ыкманы колдонуп үй-бүлө темасын чечмелеп алды. Сабакка тарчатма куралдар, карточкалар таркатылды. Топтордо ж/а жекече иштөө жүрдү. Эне тилине таянып түшүндүрдү, англисчеси дагы жазып экен. Командага бөлүүдө өзгөчө ыкманы пайдаланды.

Б) Сабактын кемчиликтери:

Чакан тексттин ичинде „У меня есть...“ айкашы 4 жолу „У меня“ 7 жолу учурайт. Я имею синоними дагы бар. Окуу ишмердүүлүгү бир аз азыраак болуп калгансыды.

В) Окутуучуга берилген сунуштар:

Сабакты классикалык формада кылуу жана ар түрдүү түстөгү маркерлерди колдонуу сунушталат.

Катышуучунун аты-жөнү: Амиралиев С.М

**Окутуучулардын сабактарына катышып анализ берүү баракчасы**

1.Курсу: 1 Сабак өтүлгөн күн 17. 01. 26

2. Тайпасы: GM-1-25 Парасы 3

3. Окутуучунун аты-жөнү: окут. Джээнбаева К.

4.Дисциплинанын аталышы: Кыргыз тили

5. Сабактын түрү: **лекция, практикалык, семинардык**

6. Сабактын темасы: Бейтааныш адамды сүрөттөө (кандай).

7. Сабактын иштелмеси: Бар

8. Көрсөтмө куралдары: туюнтуу, магниттер, стикерлер, блок-ноут, ж.б.

9. Сабак өтүүнүн методдору: Топ менен иштөө (TBL), интерактивдүү

Өтүлгөн сабакка карата берилген анализ:

А) Сабактын жетишкендиктери:

Кызыктуу, жандуу жана креативдүү сабак болду. Мугалимдин чыгармачылык менен иштеп, кылдат даярданып келгендиги көрүнүп турду. Case методикасын колдонуп, сахналаштырылган көрүнүштү уюштургандыгы сабактын өзгөчөлүгүн камтып бергенин. Сүрөттөрдү, аркадагы магниттерди колдонгону мага абдан жакты. Окуучуга кыйын темага жеңил түшүндүрүүчү касиетине ээ деп айтсак болот.

Б) Сабактын кемчиликтери:

Мугалим студенттердин оозеки кебиндеги айрым каталарды өз убагында оңдоп турууга жетишпеди. Жазуу жана окуу ишмердүүлүктөрүнө азыраак көңүл бурулуп калды. Сабактын тарбиялык максаты даана байкалган жок.

В) Окутуучуга берилген сунуштар:

Word документ форматында даярдалган материалды PowerPoint презентация формада берүү, окуу иштелмесинин материалдарынан, китептерден пайдаланып окуу ишмердүүлүгүн жогорулатуу

Катышуучунун аты-жөнү: доц. С. М. Амиралиев [signature]

**Окутуучулардын сабактарына катышып анализ берүү баракчасы**

1.Курсу: **1** Сабак өтүлгөн күн: **24.11.2025**

2. Тайпасы: **GM II 29** Парасы: **2**

3. Окутуучунун аты-жөнү: **доц. Жолдошева А.К.**

4.Дисциплинанын аталышы: **Кыргыз тили**

5. Сабактын түрү**:** **семинардык**

6. Сабактын темасы: **“Өзүм жөнүндө. Ат атооч сөздөр”**

7. Сабактын иштелмеси: **бар**

8. Көрсөтмө куралдары: **оюнчук, карточкалар, түстүү маркерлер ж.б.**

9. Сабак өтүүнүн методдору: **интерактивдүү метод**

Өтүлгөн сабакка карата берилген анализ:

**А) Сабактын жетишкендиктери:** Сабак өз убагында башталып, өз убагында бүттү. 2 студент келбеди. Башында эжеке багыттоочу суроолорду берип, аудиторияны өзүнө имерип алды. Үй тапшырмасын жана үйрөткөн сөздөрүн топтун жардамында сурап чыкты. Warming upта топту ыргытуу менен студенттер өздөрү, үй-бүлө мүчөлөрү жөнүндө, ошондой эле сандарды айтып беришти. Алар күнүмдүк турмушта колдонулуучу бир топ кыргызча сөздөрдү үйрөнүп алышыптыр. Бардык студент менен жекече жана топто иштөөгө аракет жасалды. Мугалим ар бир деталга көңүл бурат, сергек жана сылык. Туура сүйлөтүүгө басым жасайт.

**Б) Сабактын кемчиликтери:**

*Азаматтар* сөзүн мугалим өтө көп колдонду. Бир четинен ал шыктандыруучу касиетке ээ экен. Китептерди пайдалануу болгон жок, көнүгүүлөр менен азыраак иш жүрдү.

**В) Окутуучуга берилген сунуштар:**

Сабактын киришүү, тапшырма текшерүү бөлүгүнө азыраак, жаңы темага көбүрөөк убакыт ажыратуу, сүрдү жеңүү боюнча консультацияларды алып коюу сунушталат.

Катышуучунун аты-жөнү: **доц. С.М. Амиралиев**

**Окутуучулардын сабактарына катышып анализ берүү баракчасы**

1.Курсу 1 Сабак өтүлгөн күн : 24.12.2025

2. Тайпасы GM-1-31

3. Окутуучунун аты-жөнү Жороева А.М. доцент

4.Предметтин аталышы Latin and foreign language

5.~~Лекция~~ Сабактын темасы: Word formation. Body parts names in clinical terms.

6.Семинардык сабак Практикалык сабак

7. Жумуштун планы Бар. Дал келет

8. Сабактын иштелмеси Бар.

9. Көрсөтмө куралдары Интерактивдүү доска, карточкалар, таркатма барактар презентация.

10. Сабак өтүүнүн методдору Интерактивдүү ыкма

Өтүлгөн сабакка карата берилген анализ:

А) Сабактын жетишкендиктери

Мугалим англисче шар сүйлөйт. Бир да жолу сөз аралаштырган жок. Башында сабактын максатын түшүндүрүп өттү. Башка предметтер м-н байланышын белгиледи. Сөздү компоненттерге бөлүп маанисин табууну кенен түшүндүрдү. Дээрлик бардык иш-мердүүлүк жүрдү. Топто иштөө болду. Студ. доскага шамдагайлык менен жазышты. Өздөрүнө өздөрү баа беришти. Сабак максатына жетти. Сабак жандуу болду.

Б) Сабактын кемчиликтери

Сабакта орой кемчиликтерге жол берилген жок. Окутуучу мыкты даярдыкта келген. Болгону студенттердин хор жооп беришине көп учурда жол берилип калды. Айрым учурларда студенттер өздөрүнөн көчүрүп жатышты. Сабактын планында баалоо этабы белгиленбей калган.

В) Окутуучулга берилген сунуштар

Сабакта оюн ыкмасын колдонууну, көргөзмө куралдарды, сүрөттөрдү, атласты көрсөтүү сунушталат.

Сабакка катышкан окутуучу: С.М. Амиралиев

**Окутуучулардын сабактарына катышып анализ берүү баракчасы**

1.Курсу: **1** Сабак өтүлгөн күн: **28.11.2025**

2. Тайпасы: **GM II 13** Парасы: **2**

3. Окутуучунун аты-жөнү: **улук окут. Жусубалиева М.Т.**

4.Дисциплинанын аталышы: **Орус тили**

5. Сабактын түрү**:** **семинардык**

6. Сабактын темасы: **“Дене мүчөлөрү. Шилтеме ат атооч”**

7. Сабактын иштелмеси: **бар**

8. Көрсөтмө куралдары: **жумушчу дептер, карточкалар, түстүү маркерлер ж.б.**

9. Сабак өтүүнүн методдору: **суроо-жооп, кайталоо**

Өтүлгөн сабакка карата берилген анализ:

**А) Сабактын жетишкендиктери:** Сабак өз убагында башталып, өз убагында бүттү. 1 студент ооруп калып келбеди. Студенттер кыргызча санашты үйрөнүп алышыптыр, өздөрү жөнүндө маалымат беришти билишет. Орусча ыр жаттап айтып беришкени мени кубандырды. Бул иш-аракет студенттерди бат сүйлөөгө көндүрүү максатында уюштурулду. Окутуучу жумушчу дептер түзүп, сабакта колдонот экен, бул жакшы саамалык. Ар бири менен иштөөгө аракет болду. Бардык студенттер халат кийип келишти. Жазма тамгалар менен жазган жана окуган студенттер үчүн жеңил экендигин мугалим эске алып, ийкемдүү мамиле жасады.

**Б) Сабактын кемчиликтери:**

Студенттер сөздөрдүн окончаниелерин туура эмес айтышат, аны ар дайым оңдоп туруу болгон жок. Мугалим классикалык формада келиш керек. Окуу ишмердүүлүгү азыраак болуп калды.

**В) Окутуучуга берилген сунуштар:**

Алсыз студенттер менен көбүрөөк иштөө жана сабактын тарбиялык максатынын ишке ашышына көңүл буруу сунушталат.

Катышуучунун аты-жөнү: **доц. С.М. Амиралиев**

**Окутуучулардын сабактарына катышып анализ берүү баракчасы**

1.Курсу: 1 Сабак өтүлгөн күн 17.11.2025

2. Тайпасы: GMI, 8 Парасы 4

3. Окутуучунун аты-жөнү: Иманкулова Т.Ж.

4.Дисциплинанын аталышы: Latin and foreign language

5. Сабактын түрү: **лекция, практикалык, семинардык**

6. Сабактын темасы: Introduction of clinical terminology

7. Сабактын иштелмеси: бар

8. Көрсөтмө куралдары: презентация, китептер, тетрадь

9. Сабак өтүүнүн методдору: аралаш ыкмалар.

Өтүлгөн сабакка карата берилген анализ:

А) Сабактын жетишкендиктери:

Сабак өз убагында башталды. Кечиккен студенттер болгон жок. Мугалим жөнөкөй, жатык тилде түшүндүрөт. Үйрөнүлгөн материал дароо жеке суроолор менен бышыкталып турду. Топто иштөө, хор кайталатуу жүрдү. Студенттер чоң кызыгуу менен активдүү иштешти. 50дөн ашуун терминдерди үйрөнүштү.

Б) Сабактын кемчиликтери:

Доскада иштөөгө, китептен окуу аракеттери пассивдүү болду. Студенттер жекече эмес, биргелешип жооп берип жатышты.

В) Окутуучуга берилген сунуштар:

Сабакта көргөзмө куралдарды, карточкаларды, проекторду, плакаттарды ж.б. иллюстративдик каражаттарды колдонуу сунушталат.

Катышуучунун аты-жөнү: Амиралиев С.М. [signature]

**Окутуучулардын сабактарына катышып анализ берүү баракчасы**

1.Курсу: 1 Сабак өтүлгөн күн 17.12.2025

2. Тайпасы: GMI 8 Парасы 2

3. Окутуучунун аты-жөнү: Исаева М.А.

4.Дисциплинанын аталышы: Кыргыз тили

5. Сабактын түрү: **лекция, практикалык, семинардык**

6. Сабактын темасы: Тил мүчөлөрү

7. Сабактын иштелмеси: бар

8. Көрсөтмө куралдары: Интерактивдүү доска, маркерлер, таркатма материалдар.

9. Сабак өтүүнүн методдору: „Бул эмне, ал ким?

Өтүлгөн сабакка карата берилген анализ:

А) Сабактын жетишкендиктери:

Сабак өз максатына жетти. Студенттердин дээрлик баары активдүү катышып, сүйлөшүү, доскада иштешип, бири-бирине суроолорду беришип, өздөрү жөнүндө жазып айтып беришти. Сабактын дээрлик бардык этаптары сакталды. Мугалим таза кийинип, формага салынып, так сүйлөп талаптарга жооп берди.

Б) Сабактын кемчиликтери: Кыска убакыттын ичинде студенттердин көпчүлүгү сүйлөшүп жаткандыгы анын жетишкендиги.

Ачык сабактын иштелмеси окутуучуларга алдын ала берилсе жакшы болмок. Үй тапшырмасын текшерүүгө көбүрөөк убакыт коротулду. Сабактын тарбиялык максаты ачык байкалбай калды.

В) Окутуучуга берилген сунуштар:

„Азамат", „Сонун", „Эң жакшы" ж.б. сөздөрдү айтып студенттерди максатка мотивация берүү, сабак өтүүнүн оюн формасын колдонуу сунушталат

Катышуучунун аты-жөнү: Амиралиев С.М. [signature]

**Окутуучулардын сабактарына катышып анализ берүү баракчасы**

1.Курсу: 1 Сабак өтүлгөн күн 25.12.2025

2. Тайпасы: GM-1-26 Парасы 2

3. Окутуучунун аты-жөнү: Улук окут. Мамакова А.Б.

4.Дисциплинанын аталышы: Кыргыз тили

5. Сабактын түрү: лекция, практикалык, семинардык

6. Сабактын темасы: Менин үй-бүлөм. Кимдин? Эмненин?

7. Сабактын иштелмеси: Бар. Толук жооп берет.

8. Көрсөтмө куралдары: Планшеттер, буюм-тетиктер, интерак. доска, карточкалар, буюмдар

9. Сабак өтүүнүн методдору: TBL, Test, question-answer, Oral Form, etc. „Аркан тартыш", Ватмандагы концептуалдык таблица

Өтүлгөн сабакка карата берилген анализ:

А) Сабактын жетишкендиктери:

Сабактын башындагы warming-up лексикага уюштурулду. Студ. өздөрү менен кошо ар түрдүү буюмдарды алып келишиптир. Окутуучу баарынан алдын билет экен. Грамматикалык теманы түшүндүрүүгө багытталган аркан тартмай оюну студ. абдан жакты. Эмне кыйын методист экендигин дагы бир жолу далилдеди.

Б) Сабактын кемчиликтери: Заманбап ыкмалар пайдаланылган сабак өз максатына жетти. Студ. актив. катышты.

Орчойгон, орой кемчиликтерди таба албадым. Айрым болор-болбос тактыксыздыктар орун алды бирок алар жөнүндө кеп кылуу арзыбайт.

В) Окутуучуга берилген сунуштар:

Интерактивдүү доскада word файлда көрсөтүлгөн майда тексттерди PPT форматта көрсөтүү, тилдик интерференциянын үстүнөн иштөө, неме сөзүн азыраак колдонуу, окуу-усулдук куралдардан пайдалануу, студенттерди мактоо сунушталат.

Катышуучунун аты-жөнү: ____________

**Окутуучулардын сабактарына катышып анализ берүү баракчасы**

1.Курсу: **1** Сабак өтүлгөн күн: **26.12.2025**

2. Тайпасы: GM 1-36 Парасы: **3**

3. Окутуучунун аты-жөнү: **доц. Орунбаева Г.Ж.**

4.Дисциплинанын аталышы: **Кыргыз тили**

5. Сабактын түрү**:** **практикалык**

6. Сабактын темасы: Менин бөлмөм

7. Сабактын иштелмеси: **бар**

8. Көрсөтмө куралдары: **ар кыл таркатма материалдар, интерактивдүү доска ж.б.**

9. Сабак өтүүнүн методдору: **Интерактивдүү методдор, жуптар иштөө, коммуникативдик көндүмдөрүн калыптандыруучу диалог ,суроо- жооп методдору колдонулду**

Өтүлгөн сабакка карата берилген анализ:

**А) Сабактын жетишкендиктери:** Күнүмдүк жолугушууда колдонулуучу сөздөрдү окутуучу студенттердин бири-бири айттырып чыгып, алардын ортосундагы ынтымакка, уга билүүчүлүккө жетишти. "Үй-бүлө" темасына арналган үй тапшырмасын жогорку деңгээлде даярданып келип айтып беришти. Мындан тышкары ат-энелеринин, бир туугандарынын сүрөттөрүн баракка жармаштырып же сүрөтүн тартып келгендиги жагымдуу болду. Эжеке эң башкысы сабак учурунда өзүн эркин кармады, сүрдөгөн жок, хор жооп берүүгө жол бербеди, англисче сөздөрдү орду-орду менен колдонду, "Менин бөлмөм" деген теманы жеткиликтүү түшүндүрдү. Бышыктоо этабында жекече жооп берүү, жупта иштөө, команда менен тапшырма аткаруу уюштурулду. Диалог түрүндө пикир алмашуу жүрдү. Студенттердин ар бири сабакка активдүү катышты. Өз убагында келишти. Ачык сабак мыкты сабактардын катарын толуктады, максатына жетти.

**Б) Сабактын кемчиликтери:**

Жазуу ишмердүүлүгүнө азыраак көңүл бурулду. Word форматындагы текстте жазуу майда болуп калгандыктан, студенттерге доскадан окууда бир аз таалдыкты жаратты. Аларга шык берүүчү мактоо сөздөрү сейрек колдонулду. Жазуу түрүндөгү тапшырмалар текшерилбей калды.

**В) Окутуучуга берилген сунуштар:**

Студенттердин аты-жөнүн мүмкүн болушунча жаттап алуу, аларга аттары менен кайрылуу, аттарын баракка жаздыртып алдыларына коюп коюу, ар кыл түстөгү маркерлерди, батмандарды колдонуу, *guys* сөзүнүн ордуна *dear students* фразасын айтуу сунушталат.

Катышуучунун аты-жөнү: **доц. С.М. Амиралиев**